**Владимир Ильич Ленин**
**атындагы №2 орто мектеби**

# *66.Өрт коопсуздугу*

**Өзгөн шаары 2022-жыл**

"Бекитемин"

Мектеп директору

_______Б.Абылкасимов

01.03.2022-жыл

**Өзгөн шаары**

**№2 Владимир Ильич Ленин атындагы орто мектебинде**

**өрт коопсуздугу боюнча түзгөн иш-чаралардын планы**

| № | Аткарылуучу иштердин мазмуну | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | Жаңы окуу жылына карата өрт жана техникалык коопсуздук эрежелери боюнча жылдык иш план түзүү жанба класс жетекчилер менен тааныштыруу | Август | Организатор |
| 2 | Өрт боюнча экакуациялык пландарды түздүрүп, ар бир класс жетекчилерге түшүндүрүп, кабинеттерге илдирүү жана тарбиялык журналдарда өрт , техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча окуучуларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Сентябрь | Класс жетекчилер |
| 3 | Ар бир класс жетекчилерине өрт боюнча жылдык иш план түздүрүү | Сентябрь | Класс жетекчилери |
| 4 | Ар бир класска техногендик топ түздүртүү жана аны менен тааныштыруу | Сентябрь | Класс жетекчилери |
| 5 | Эвакуациянын планын түзүү жана эвакуация күнүн өткөрүү | Ай сайын | Организатор |
| 6 | Өрттүн алдын алуу боюнча тегерек стол уюштуруу | Квартал сайын | Класс жетекчилери |
| 7 | Өрттүн алдын алуу максатында башталгыч класс окуучуларынын ортосунда сүрөттөр конкурсун, жогорку класс окуучуларына реферат, доклад жана эсселер жаздыруу | Февраль | Класс жетекчилери |
| 8 | Ай сайын өрт боюнча тарбиялык сааттарды өткөрүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | Ай сайын | Класс жетекчилери |
| 9 | Аткарылган иштердин жыйынтыгын чыгаруу | Май | Организатор |

**Организатор:** ________ **Р.Мамаджанова**

# ӨРТ КООПСУЗДУГУН САКТОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1. Ар бир мекеме ишкананын кызматкерлери ээлеген кызматына карабастан өрт коопсуздук эрежелерин билүү жана аны аткарууга милдеттүү

2. Мекеме ишканаларда өрт коопсуздугун камсыздоо жана аткаруу ошол мекеменин жетекчисине жүктөлөт.

3. Бардык кызматкерле өрт коопсуздук эрежелеринин нускамалары менен таанышуулары зарыл, өрт кокустугу чыккан мезгилде өрт өчүрүү кызматын чакырууну билүүлөрү, ошондой эле өрт өчүрүү шаймандары менен иштөөнү билүүлөрү керек. Мекеме ишкананын жетекчилери кызматкерлерди өрт коопсуздук эрежелери менен тааныштырууга милдеттүү.

## 2. ИМАРАТТАГЫ САКТАЛУУЧУ ЭРЕЖЕЛЕР

1. Мекеме ишканалардын коридорлору, негизги өтүүчү жолдору, кошумча эшиктер жана лестницалар ачык болуп, тосмолор менен тосуулбаган абалда болуусу зарыл.

2. Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандар, өрт өчүргүчтөр ар дайым оң абалда сакталуусу жана алып иштетүүгө ыңгайлуу жерде сакталышы зарыл. Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандарынын башка кызматтарга иштетүүгө тыюу салынат.

3. Электр жылыткыч шаймандарын колдонууда өрт коопсуздук эрежелерин так сактоо зарыл. Ачык спиралдуу электр жылыткычтарын колдонууга тыюу салынат.

4 Жумуш убактысы бүткөндөн кийин бардык бөлмөлөр көзөмөлдөн өткөрүлүп, электр жабдыктарын жана жарыктарды өчүрүү зарыл.

## 3. ТЫЮУ САЛЫНАТ:

- Белгиленбеген жерде тамеки тартууга

- Тез күйүп кетүүчү материалдарды жылытуу системаларынын жанына койууга

- Таштанды кагаздарды атайын белгиленбеген жерде жагууга

- Электр жылыткыч приборлорун жанык түрдө кароосуз калтырууга

- Имараттын коридорлоруна, тепкичтердин астына чарбалык материалдарды мебельдер жана эмеректерди койууга

- Бир электр резеткасына ашыра күч келтирип колдонуп бирнече электр шаймандарын сайууга

- Күйүп турган электро лампочкаларын жана светильниктерди тез күйүп кетүүчү материалдар жана кагаздар менен ороого

## 4. ӨРТ УЧУРУНДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК

- Өрт болуп жаткандыгы тууралуу өрткө каршы кызматына 101 телефону аркылуу кабарлоо жана даректи анык айтуу

- Адамдарды сактап биринчи жардам көрсөтүү

- Колдо болгон каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү

- Материалдык баалуулуктарды эвакуациялоо

# ӨРТ КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА НУСКАМА

1. Бардык административдик имараттын айлана-чөйрөсү, иш бөлмөлөрү жана кошумча имараттарын таза кармоо зарыл
2. Баштапкы өрт өчүрүү шаймандарын (огнетушитель) ар дайым күжүрмөн абалда кармоо зарыл
3. Иш бөлмөлөрүндө электр жылыткыч шаймандарын колдонууга тыюу салынат
4. Стационардык тепкичтердин астына кошумча кампа кылууга тыюу салынат
5. Сыртка алып чыгуучу бардык эшиктер дайым оң абалда кармалуусу зарыл
6. Имараттын айлана-чөйрөсүндө жана иш бөлмөлөрүндө тамеки тартууга тыюу салынат
7. Иш убактысы бүткөндөн соң бардык бөлмөлөрдүн электр жарыктары жана башка электр жабдыктары өчүрүлүүсү зарыл
8. Имараттын эвакуация планы түзүлүп, көрүнүктүү жерге илинүүсү зарыл
9. Буйруктун негизинде өрт коопсуздугу боюнча жооптуу киши дайындалуусу зарыл
10. Өрт чыккан учурда 101 телефонуна чалууну унутпаңыз

*КРнын 2016-жылдын 7-июнундагы №78 «Өрт коопсуздугун сактоо» боюнча мыйзамы*